Бишкек шаарындагы
А. Каниметов атындагы
№ 1 жалпы билим берүүчү
гимназия-интернатынын
педагогикалык жамаатынын
5-сентябрь, 2018-жылдагы
чогулушунун

# № 1 протоколу

Күн тартиби
Каралуучу маселелер:
Катышкан педагогдор – 60.

1. Гимназия-интернаттын окуу тарбия иштери боюнча жалпы планын кабыл алуу

2. Күзгү сыноого калган окуучулардын экзамендеринин жыйынтыгы

3. Жаңы окуу жылына карата сентябрь, октябрь айында окуу тарбиялоо иштеринен сырткары иштеле турган кошумча иштер

4. Жаңы окуу жылына карата окуучулардын класстарга жана группаларга бөлүштүрүлүшү

5. Мектептин педагогикалык-психологиялык темасын кабыл алуу

6. Предметтик ийримдер боюнча программаларды кабыл алуу

Педкеңештин жүрүшү:

1. Биринчи маселе боюнча гимназия-интернаттын директору Байматов Н. Б. төмөндөгүдөй маалымат берди:

Тереңдетип окутуу үчүн тандоо предметтерин окутуу ата-энелердин каалоосу, окуучулардын тандоосу менен төмөндөгүдөй элективдик курстарга жана предметтерге бөлүштүрүлдү:

Окуучулардын экономикалык түшүнүктөрүн калыптандыруу, каржылык сабаттуулугун жогорулатуу максатында адам жана коом предметине („каржылык сабаттуулук" курсуна) 9-класс - 1 саат;

Гимназия-интернат экономикалык багыттагы мектеп болгондуктан, коомдо экономикалык методдорду окуп үйрөнүүдө математика негизги предмет болуп эсептелгендиктен, „математика экономикада" курсуна $5^{А,Б}$ класс - 1 саат, $6^{А}$ класс - 1 саат, $7^{А}$ класс - 1 саат, $8^{А}$ класс - 1 саат, 10-кл.- 1 саат, 11-класс - 1 саат;

Физика, химия илимдеринин адам жана коомдун турмушуна, экономиканын өнүгүшүнө негизги салым кошо тургандыгын эске алуу менен окуучулардын физика, химия предметтеринен алган билимдерин турмушта пайдалана алуу; мисалы, электр энергияны, сууну туура пайдалана алуу, зыяндуу, зыянсыз заттарды ажырата билүү, пайдаланылган заттарды кайрадан иштетүү жолдорун үйрөнө билүү ж.б. көндүмдөрүн калыптандыруу максатында „физика турмушта" курсуна - 8-класс - 1 саат, 9-класс - 1 саат, 11-класс - 1 саат; „химия турмушта" курсуна - 9-класс - 1 саат, 10-класс - 1 саат;

Окуучулардын орус жана англис тилдеринде өз оюн билдире алуу, эркин сүйлөө жана туура жазуу көндүмдөрүн арттыруу максатында орус адабиятына $5^{В}$ класс - 1 саат; орус тилине - $7^{Б,В,Г}$ класс - 1 саат; англис тилине - 7-класс - 1 саат; $8^{Б,В}$ класс - 1 саат.

Мектеп компоненти боюнча сааттардын предметтерге бөлүштүрүлүшү:

Чыгыш мамлекеттеринин экономикалык окуусун окуучулар окуп билүү үчүн гимназия-интернаттын Уставына ылайык чет тилдерине (араб, кытай, япон тилдерине), 5-11-класстарга жумалык сааттардын бөлүнүшү: 5-класс - 1 саат, 6-класс - 2 саат, 7-класс - 2 саат, 8-класс - 2 саат, 9-класс - 2 саат, 10-класс - 2 саат 11-класс - 2 саат.

2. 2017-2018-жылы көчүрүү экзаменине 5 окуучу келген эмес.
26.05.18, Орус тили, $5^{Б}$ класс, Руслан уулу Абдрахман
28.05.18, Кыргызстан тарыхы, Руслан у. А.
29.05.18. Араб тили, $5^{Б}$ класс, Руслан у. А.
30.05.18. Орус тили, $8^{Б}$ класс, Каныбек у. Э
Тологонова А. $8^{Б}$ класс
26.05.18. Араб тили
28.05.18. Англис тили
30.05.18. Орус тили
Ал эми „канааттандырарлык эмес" баа алган окуучулар:
1. Тилекматов С. $8^{Б}$ класс. Япон тили, 26.05.18
2. Абдисултанова А. $8^{В}$ класс. Англис тили, 28.05.18
Тологонованы Туркияга эжеси алып кеткен, Абдисултанова А. 12-сентябрда тапшырган, протокол бар.

3. Жатаканадагы окуучулардын өз режими бар. Сабак саат $8^{00}$-дө башталат. Эрте менен тургандан кийин жуунуп, тамакка барышат. Тамактан кийин мектепке, сабакка келишет. Сабак бүткөндөн кийин түшкү тамакты ичишет. Андан соң саат $15^{00}$-дө сабакка даярданышып, кружокторго катышышат. Тарбиячылар кечки саат $19^{30}$-да түнкү тарбиячыларга окуучуларды өткөрүп беришет.

Ишемби күнү окуучулар ата-энесинин ишеним каты менен үйүнө жиберилет. Ишеним каты жок окуучуларды ата-энеси, бир туугандары алып кетет. Өз алдынча кетүүгө тыюу салынат.

IV маселе боюнча директордун окуу тарбия иштери боюнча орун басары Майтыкова Ш. класстардын бөлүштүрүлүшү боюнча төмөндөгүлөрдү окуду:

| Классы | Саны | кл. жетекчиси |
|---|---|---|
| 1. 4-кл. | 29 | Мусабаева Г. |
| 2. 5 А кл. | 26 | Мамытова Н. |
| 3. 5 Б кл. | 25 | Жунушалиева Г. |
| 4. 5 В кл. | 19 | Сыдыкова З. |
| 5. 6 А кл. | 25 | Нурдин к. А. |
| 6. 6 Б кл. | 19 | Таалайбекова А. |
| 7. 6 В кл. | 26 | Асамбаева Т. |
| 8. 6 Г кл. | 26 | Калыбай к. Г. |
| 9. 7 А кл. | 25 | Кенжеева Э. |
| 10. 7 Б кл. | 18 | Эгембердиева Т. |
| 11. 7 В кл. | 25 | Дооләтбаева Н. |
| 12. 7 Г кл. | 26 | Токтосунова Г. |
| 13. 8 А кл. | 27 | Акматалиева Э. |
| 14. 8 Б кл. | 30 | Турусбекова Т. |
| 15. 8 В кл. | 26 | Ырысбекова Ж. |
| 16. 9 А кл. | 35 | Ырысмамбетова К. |
| 17. 9 Б кл. | 33 | Шаршекеева Г. |
| 18. 10-кл. | 14 | Шабданбекова Т. |
| 19. 11-кл. | 20 | Абдыбекова Н. |

4-класс - 29, 5-9-класс - 16 класс, 411 окуучу
10-11-класс - 34 окуучу, 2 класс, жалпы - 4-11-класс - 19 класс
474 окуучу, 230 кыз.

V маселе - мектептин психологиялык - педагогикалык темасы боюнча методист Мусаева Ж. төмөндөгүлөрдү айтты:

2018-2019-окуу жылынан баштап „окутуу-тарбиялоо процессинде компьютердик технологиялар аркылуу окуучулардын билим сапатын арттыруу, социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүкторун калыптандыруу" деген теманын үстүндө иштейли деп турабыз.

Жогорудагы маселелерди карап чыгып, гимназия-интернаттын педагогикалык жамааты төмөндөгүдөй чечим кабыл алат. 4

Чечим:

1. Гимназия-интернаттын окуу тарбия иштери боюнча жылдык планы кабыл алынсын.

2. Жаңы окуу жылына карата окуучулардын класстарга бөлүштүрүлүшү туура деп эсептелип, 19 класс болуп, ар бир класска жетекчилер дайындалсын.

3. Тереңдетип окутуу үчүн тандоо предметтери төмөндөгүдөй бөлүштүрүлсүн:
   а) адам жана коом
   б) „математика экономикада"
   в) физика, химия
   г) орус, англис тили
   д) каржылык сабаттуулук

4. Мектеп компоненти боюнча сааттар араб, япон, кытай тилдерине бөлүштүрүлсүн, тереңдетип окутуу үчүн тандоо предметтери, пред. ийримдер б-ча прог. кабыл ал-н.

5. Мектептин психологиялык-педагогикалык темасы: „Окутуу тарбиялоо процессинде компьютердик технологиялар аркылуу окуучулардын билим сапатын арттыруу, социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу" болуп кабыл алынсын.

Чечим добушка коюлду: Макул-60.

Каршы-жок.

Калыс-жок.

Чечим бир добуштан кабыл алынды.

Директор: Байматов Н. Б.

Катчы: Батыралиева Ж. Б.